## №11 Алай округдук шайлоо комиссиясынын жыйналышынын

## №18 ЧЕЧИМИ

Гүлчө айылы

2.12.2021-жыл

**Күн тартибинде каралуучу маселе:**

***"Жалпы иш" коомдук уюмунун арыз-даттануулары жөнүндө.***

**Угулду: №11** Алай ОШКнын төрагасы М.Молдобаев **"Коомар медиа" коомдук уюмунун байкоочусу Якупбаева Фатиманын** 2021-жылдын 1-декабрындагы арыз-даттануусунда көрсөтүлгөн №5440 УШКсында 28-ноябрь күнү 14:00-15:00 УШКнын мүчөсү урнага шайлоо бюллетенин салып жаткандыгы жөнүндө билдирди.

Ошондой эле №5004 УШКнын айланасында 28-ноябрь күнү саат 22:00дө УШК мүчөлөрү протоколдун копиясын байкоочуга берилбегендиги белгиленген.

Бул маселелер боюнча №11 Алай ОШКсынын мүчөлөрү К.Примкулова., Арынбек уулу Эламан жана А.Садировалар мыйзам боюнча карап чыгып, өз ой-пикирлерин билдиришти.

Жогоруудагы маселени №11 Алай округдук шайлоо комиссиясы карап, талкуулап

**Ч Е Ч И М  К Ы Л А Т :**

1. "Коомар медиа" коомдук уюмунун байкоочусу Якупбаева Фатиманын 28-ноябрь күнү 14:00-15:00 УШКнын төрагасы Айдарбеков Базарбайдын түшүнүк катынын негизинде УШКнын мүчөсү Куланов Атабектин өзү идентификациядан өтүп, өзүнө таандык шайлоо бюллетенди урнага салып жаткандыгы аныкталды.

2. №5004 УШКсынын төрайымы Кудаярова Саламаттын тушунук катынын негизинде 28-ноябрь күнү 22:00 дө участкалык шайлоо комиссиясында шайлоонун жыйынтыгы чыга элек болгондуктан, протоколдун көчүрмөсүн берүүгө мүмкүн эмес болгондугу белгиленсин.

3. Жогорудагы арыз-даттануу боюнча чечим "Коомар медиа" коомдук уюмунун байкоочусу Якупбаева Фатимага билдирилсин.

4. Бул чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө №11 Алай ОШКсынын төрагасы М.Молдобаевге жүктөлсүн.

**Макул-10** **Каршы –жок**

№11 Алай ОШКнын төрагасы: М.Молдобаев

Катчысы: Ч. Убукеева